**КАРА-СУУ АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ**

**КАРА-СУЙСКАЯ ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ**

723300 Кара-Суу ш., Завод к. 2
тел.: 03232-50880, факс: 03232-50880
e-mail: adm30-1@shailoo.gov.kg
adm30-2@shailoo.gov.kg

723300 г.Кара-Суу, ул.Заводская 2
тел.: 03232-50880, факс: 03232-50880
e-mail: adm30-1@shailoo.gov.kg
adm30-2@shailoo.gov.kg

# №20 ЧЕЧИМ

2021-жылдын 14-апрели Кара-Суу шаары

Катышышты:

Кара-Суу АШКнын төрагасы К.Кимсанов,

Кара-Суу АШКнын катчысы – Ж.Молдожанова

мүчөлөрү - Султанов Н., Мойдунов Т., Раева Ы., Таев А., Абдраимова Э., Абдурасулов М., Айдаров М., Мамашев М.,

**Күн тартиби:**

1. **Панап айылдык кеңешинин депутаттыгына талапкер К.Бактыбаевдин арызын кароо**

**Угулду:** Кара-Суу АШКнын төрагасы К.Кимсанов – Урматтуу кесиптештер, Папан айылдык кеңешинин депутаттыгына талапкер К.Бактыбаев №5261 Кожокелен шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү добуш берүүнүн жыйынтыгын чыгарууда колдо эсеп жүргүзбөгөндүгүн, протоколдун көчүрмөсүн бербегендигин белгилеп, бюллетендерди кайрадан эсептеп берүү арызы менен кайрылган.

Добуш берүү бюллетендерин кайрадан эсептөө үчүн Кыргыз Республикасынын борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөсүнүн катышуусу зарыл.

Жогорудагылардын негизинде, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо" жөнүндөгү Мыйзамынын ылайык №5261 Кожокелен участкалык шайлоо комиссиясынын добуш берүү бюллетендерин кайрадан эсептөө сунушу добушка коюлду.

Сунуш добушка салынды:

**Макул – 10,** **Каршы – жок.**

Сунуш бир добуштан кабыл алынды.

**Кара-Суу АШКсы күн тартибиндеги маселени талкуулап**
**Чечим кылат:**

1. №5261 Кожокелен шайлоо участогунун шайлоо бюллетендерин кайрадан эсептөө жүргүзүлсүн.
2. №5261 Кожокелен шайлоо участогунун шайлоо бюллетендерин кайрадан эсептөөгө Кыргыз Республикасынын борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөсүнүн катышып берүүсү суралсын.

**Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы** **К.Кимсанов**

**Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиясынын катчысы** **Ж.Молдожанова**